УДК 809 С.С.НУРАЛИЕВА

# МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ МЫЙЗАМЫН ИШКЕ АШЫРУУНУН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ (ЖОЖДОРДУН МИСАЛЫНДА)

*Макалада кыргыз тилинин мамлекеттик тил катары колдонулушу жана аны өнүктүрүү маселелери каралган.*

*В статье рассмотрены проблемы кыргызского языка как государственного и его развития.*

*The article is about Kyrgyz languages as a state language and its developments.*

Кыргыз тилинин мамлекеттик тил катары окутула баштаганына мына быйыл жыйырма жылдан ашты. Адам баласынын өмүрү менен салыштырганда бул бир топ убакыт экендиги талашсыз. Ал эми кылым менен өлчөнүп келген адамзаттын жашоосунда бул мезгил анча деле узак эмес. Демек, салыштырмалуу алганда 20 жылды аз деп да, көп деп да айтканга болот. Ал эми мына ушул мезгилде кыргыз тили мамлекеттик тил катары кантип жашап, кандай ийгиликтерге жетише алды же тескерисинче, аны өнүктүрүүдө кандай мүчүлүштүктөр болду? Мына ушуларды билүү максатында бир аз артка көз чаптырып кайрылууга туура келет. Анда эмесе, сөз башынан болсун.

Кыргыз тили бул мезгилде Конституцияда көрсөтүлгөн өзүнө таандык статусту алуу менен аз болсо да бир топ ийгиликтерге жетишти. Тактап айтканда, азыр орто жана жогорку окуу жайларында предмет катары милдеттүү окутулуп, бул багытта ар бир жаранга билим берилип жатканы мына ушул жыйырма жылда аткарылган иштердин эң маанилүүсү болуп саналат.

Экинчиден, кыргыз тилинин мамлекеттик статуска ээ болушу менен илим изилдөө тармагында анын изилденишинин жаңы багыттары пайда болду. Азыр кыргыз тилин тектеш жана тектеш эмес тилдердин алкагында салыштырып изилдөө, кыргыз тилин экинчи жана бөтөн тил катары окутуу проблемаларын иликтөө, аны мамлекеттик статусуна байланыштуу үйрөтүүгө карата усулдук багыттарды системалуу өздөштүрүү иштери бир кыйла жолго коюлуп, теориялык жана практикалык иштерде бир топ жетишкендиктер болгондугу бул мезгилдеги аткарылган жумуштардын ийгиликтери деп белгилөөгө болот.

Үчүнчүдөн, 20 жыл ичинде мамлекеттик тилди бала бакчадан тартып, жогорку окуу жайларында окутуунун жумушчу жана типтүү программалары иштелип чыгып, аны баарыга милдеттүү окутуу иштери жүрүп жатат. Ал программалардын негизинде окуу китептери менен кошумча окуу-усулдук колдонмолору окуу процессине сунушталды.

Бирок, бул иштерге маашырланып, көкүрөк кагууга эртелик кылат, себеби, эң башкы маселе - тилибиздин мамлекеттик тил катары өзүнүн конституциялык статусун толук кандуу аткаруусуна биз али жетише элекпиз. Мунун бир топ обьективдүү жана субьективдүү себептери бар, ал себептерди шылтоо кылбастан, тескерисинче, мен кыргыздын чыныгы жаранымын деген ар бир кыргыз аларды жоюшубуз керек эле. Өзгөчө элибиздин илимдүү, билимдүү делген интеллигент өкүлдөрүбүздүн бул мааанилүү маселе боюнча кайдигер мамилеси өкүндүрбөй койбойт.

Кыргыз республикасынын улуттук суверендүү кыргыз тили - мамлекет-тик тил болуп 1993 жылы 5-майда кабыл алынган Кыргыз республикасынын Конституциясынын 5-беренесинен орун алды. Кыргыз улутунун өз тагдырын өзү чечүү милдетин ишке ашыруунун негизинде республика өзүнүн жана мында жашаган бөлөк баардык улуттардын топторунун кызыкчылыктарын камсыз кылат. Кыргыз Республикасы ысмын алып жүргөн кыргыз улуту үчүн эне тили – кыргыз тили анын тарыхый тагдырынын, улуттук аң-сезиминин суверендүүлүгүнүн көрүнүшү болуп саналат. Ошол эле учурда тилди пайдалануу алкагын кеңейтүү, аны функционалдуу колдонуу тил ээсинен саясий, мамлекеттик укуктук, социалдык-экономикалык, маданий жана руханий өнүгүшкө жетүүнү талап кылат. Коомдогу баардык көрүнүштөр сыяктуу эле тилдин маңызы, мааниси жана ролу анын ошол коомдогу аткарган функциясынан улам аныкталат. Тилдин функциясы, демек, анын маңызы коомдун прогрессивдүү өнүгүшү менен бирге өсүп-өнөт. Маселен, кыргыз тилинин функционалдык өнүгүшүн азыркы учурда мамлекеттик жана официалдуу масштабда, турмуш-тиричилик, билим берүү, илим, соода тармактарында пайдалануу алкагынан кеңейишинен, аң-сезимдин өнүгүү процессинен улам байкашыбыз керек.

Тил мамилелеринин деформациясы, көзөмөлгө алынбай, стихиялуу жөнгө салынышы кыргыз эли үчүн орду толгус жоготууга алып келерин белгилеп коюуга милдеттүүбүз.

Тилекке каршы, биз көп учурда кандайдыр бир «интернационалдуу» маданиятсыздыкка жетеленип, өз улутунун, өз элинин тилине , салттарына, үрп-адаттарына, маданиятына текебер мамиле кылганына күбө болуп жүрөбүз. Республикабыз атын алып жүргөн кыргыз элинин улуттук тили – мамлекеттик тил катары коомдук турмушубуздан саясий, экономикалык, социалдык, маданият тармагында өзүнүн татыктуу

ордун ээлеп, жогорку окуу жайларында окутуу иштери колго алынып, мекемелерде, ишканаларда иш кагаздары кыргыз тилинде толтурулганда гана гүлдөп өнүгө алат. Кыргыз республикасынын 2004-жылы кабыл алынган «Мамлекеттик тили жөнүндөгү» мыйзамында бул боюнча кыйла милдеттер камтылган. Бирок ал катардагы көп мыйзамдар сыяктуу эле жүзөгө ашырыла элек.

Азыркы иштеп жаткан мыйзамда мамлекеттик тил жогорку окуу жайларда окутуунун жана тарбиялоонун негизги тили болуп саналат деп көрсөтүлгөн (18-берене). Ушул норма биздин азыркы жогорку окуу жайларда толугу менен аткарылып жатабы? Менин оюмча антип айтышка азыр эрте. Бир гана улуттук университетибизде бул иш илгери жыла баштаганы бизди кубандырбаса, башка окуу жайларда көп маани берилбей жатат. Улуттук интеллигенциябызды даярдап чыгара турган мындай мекемелерибиз тилибизге солгун мамиле кылып, анын конституциялык укугу ишке ашырылбаса, анда башка мекемелерде иш кандай болуп жатат болду экен деген суроо туулат.

Ошондуктан, өлкөбүздөгү жогорку окуу жайлары мамлекеттик тилибизге кош көңүлдүк кылбай, анын мыйзамда көрсөтүлгөн талаптарын толук аткарып, иш кагаздарынан баштап, окутуу иштерине чейин (айрым адистешкен сабактардан башкасын) кыргыз тилинде аткарышы керек. Окутуучулар жана профессорлор ар дайым мамлекетибиздин өткөн тарыхын, маданий мурастарын, көөнө тил байлыгын изилдеп үйрөтүүгө, ал байлыктардын баардыгын төкпөй-чачпай өзүбүздөн кийинки муундарга айтып берүүгө милдеттүү болуп саналышат. Анткени, жаш муундарга өткөндөгү тарыхты, улуттук касиетибизди үйрөтпөй тарбияласак – бул маңкурттукка барабар экендигине эч ким күмөн санабайт. Улуттун, мамлекеттин негизги өзгөчөлүктөрүнүн бири бул анын тили. Мамлекеттик тилди терең өздөштүрүүнүн башкы ачкычы болуп жогорку окуу жайларда анын мугалимдери, окутуучу-профессорлору болушу керек. Мамлекеттик тилди билбей, аны кадырлабаган жогорку окуу жайдын окутуучусу - өз мамлекетинин жаранын жарытып тарбиялай да, барктай да албайт. Ошондуктан алар мамлекеттик тилди үйрөнүп гана тим болбостон, аны жаштарга, студенттерге да жайышып, аларга улуттук маңызда тарбия берүүгө милдеттүү.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 44-беренесинде жазылган «КРнын Президенти болуп мамлекеттик тилди билген жаран шайланат» деп айтылган. Ал эми Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик тили жөнүндөгү» мыйзамынын 8-беренесинде «Кыргыз Республикасынын Президенти, Премьер-министри, Конституциялык соттун төрагасы, Жогорку соттун төрагасы мамлекеттик тилди билүүгө, мамлекеттик тилде жаза, өз оюн айта жана эл алдында сүйлөй билүүгө милдеттүү» деп, бакыйып жазылып турат.

Ал эми эмне үчүн жогорку окуу жайлардын окутуучу-профессорлор курамы студенттерге сабак берип жатканда кыргыз тилин билбеши керек.

Ошон үчүн биринчиден, жогорку окуу жайлардын баардыгында иш кагаздарын жүргүзүүнү милдеттүү түрдө толугу менен мамлекеттик тилге өткөрүү керек. Анткени, Кыргыз республикасынын «Мамлекеттик тили жөнүндөгү» мыйзамдын 14-беренесинин биринчи пунктунда «иш кагаздары мамлекеттик тилде жүргүзүлөт» деп берилген. Демек, бул мыйзамдын талабы толук аткарылышы керек.

Экинчиден, баарыбызга белгилүү болгондой, жогорку окуу жайда кафедра окуу жайдын негизги өзөгүн түзөт. Ошон үчүн мугалимдерге болгон маселени кафедрадан башташ керек. Кафедранын иш кагаздарын, отурумун кыргыз тилинде гана алып баруу мыйзамга ылайык келет. Кафедра башчыларын шайлоодо алардын мамлекеттик тилди билүү же билбестиги негизги критерийлердин бири болуп саналышы керек (айрым орус тили, чет тилдери сыяктуу кафедралардан башкасы). Бул айрыкча, социология, философия, юридика, экономика, финансы багытындагы кафедраларга тиешелүү болуп саналат. Кафедра башчыларынын мамлекеттик тилге болгон көз карашын өзгөртүүнүн максаты эмнеде? Себеби, окуу жайда студенттерге бериле турган сабактардын негиздери, илимдин маселелери кафедрада жаралат жана уюштурулат эмеспи. Кафедра башчысы кыргыз тилин билбесе, анда мамлекеттик тилде окутулуп жаткан сабактардын мазмунун жана алардын канчалык сапаттуулукта берилип жаткандыгын кантип текшеришет, аларга кандай баа бере алат.

Үчүнчүдөн, мугалимдерди ишке алууда же башка ишке которууда да алардын кыргыз тилин билүү денгээлдери эске алынса жакшы болмок. Мыйзамдын 9-беренесинде: « мамлекет кызматчылары өздөрүнүн кызматтык милдеттерин аткаруу үчүн мамлекеттик тилди зарыл болгон көлөмдө билүүгө милдеттүү» деп көрсөтүлгөн. Ушуга байланыштуу жогорку окуу жайларынын Окумуштуулар Кеңешинде мамлекеттик тил боюнча олуттуу маселелер каралып, аны өнүктүрүүнүн программалары жана перспективалык пландары иштелип чыгып, алар иш жүзүндө кыйшаюусуз аткарылууга тийиш.

Акырында айтарым, урматтуу кыргыз жарандары, бүгүнкү каралып жаткан маселе бул тилчилердин гана маселеси эмес. Бул бүтүндөй улуттук, мамлекеттик маселе. Элибиздин келечегинин маселеси. Ошондуктан мамлекеттик тилге болгон иштерди тез арада жөнгө салуу - учурдун катуу талабы болуп саналат.